"МЕНЖАНА МЕНЙН ӨЛКӨМ" ЭЛДИК
МАКУЛ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН

Бермет Акаева

Кыргызстандын ыйык жерлери

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЫЙЫК ЖЕРЛЕРИ

"Учкун" АК
Бишкек - 2003

ББК 83.8
А-38

Акаева Бермет

А-38 Кыргызстандын ыйык жерлери, - Б.: "Учкун"АК, 2003. – 16 б. ("Мен жана менин өлкөм")

ISBN 9967-413-46-8

Художники З. М и д и н о в а

А 4803300100-03

ББК 83.8

ISBN 9967-413-46-8

© «Учкун» АК, 2003

МАЗМУНУ:

Саймалууташ

Бурана

Өзгөн архитектуралык-
эстелик курамы

Ташрабат

Сулайман тоо

Манастын күмбөзү



САЙМАЛУУТАШ

Саймалууташ өрөөнүндөгү аска-ташта рга тартылган кайталангыс сүрөттөр биринчи жолу 1902-1903-жылдары орус географиялык экспедициясынын археологдору тарабынан ачылган. Кызыгы, бул сүрөттөөлөр жана жазуулар кербен жолуна жакын эмес, тескерисинче алыскы тоодон орун алган.

Сүрөттөрдүн мааниси ар түрдүү. Анда аңчылыктын, дүйнөтаанымга байланыштуу ырым-жырымдардын көрүнүштөрү жана буюм-тайымдар чагылдырылган, ошондой эле ар кандай геометриялык фигуралар орун алган. Миң түркүн жан-жаныбарлардын сүрөттөлүштөрү, тоолордун пейзажы жана али күнчө чечмеленбеген ар кыл табышмактуу сюжеттер кездешет. Сыягы, бул жерге отурукташкан көчмөн ата-бабаларыбыз кандай байлыкка ээ экендигин сезе билишип жана аларды көздүн карегиндей сактап кийинки урпактарга мурастап калтырууну кыялданышкан чыгар.

Байыркы цивилизациянын руханий турмушунун өзүнчө бир өнүгүш баскычтарын өз кучагына камтыган миңдеген бул аска-таш сүрөттөр деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктикте тоолуу ачык асман астында жайгашкан.

Жер жер жүзүндө жок өзүнчөлүгү менен айырмаланган сейрек сакталып калган петроглифтерди дүйнөлүк маанидеги эстеликтердин катарына коюуга болот. Саймалууташтагы таш жазуулардын саны азыркыга чейин тактала элек.



БУРАНА

Караханийлердин доорундагы байыркы көчмөн элдердин борбор шаарынан сакталып калган архитектуралык эстелик - мунара. Ал Чүй өрөөнүндөгү азыркы Токмок шаарынын жанынан орун алган 11-кылымдагы Баласагын шаарынын калдыгы болуп саналат. Мунаранын бийиктиги 24 метр, кезинде андан да бийик болуп - 40 метрден ашкан. Курулуш мусулмандарга намаз окуур убактысын билдириш үчүн азан чакырууга ылайыкташтырылган.

Убагында мунарага жанаша салынган мечит болуп, тегерегинде башка дагы көптөгөн курулуштардын орун алгандыгын андагы уранды-калдыктар далилдеп турат.

Бул Баласагын шаары кийин, 13-14-кылымдарда талкаланып жок болгон. Ошонун ичинен жалгыз Бурана сакталып калган. Анын сырты оймо-чийме менен асемделип салынган, ичинде төбөсүнө карай буралып чыгуучу тепкичтери бар.

Жоокерчилик заманда мунара кароол карай турган жай катары да кызмат кылган.



ӨЗГӨН АРХИТЕКТУРАЛЫК-ЭСТЕЛИК КУРАМЫ

Азыркы Өзгөн шаарындагы бул архитектуралык курам - Кыргызстандын сыймыктуу жайы катары саналат. Тарыхчылардын айтымында, ал 11-12-кылымдарда курулган. Бул күмбөздөр өз учурунда Караханийлер мамлекетинин өкүмдары үчүн тургузулган дейт.

Байыркы Фергана өрөөнүндөгү гүлдөгөн Өзгөн шаарынын эстелиги катары сакталып калган күмбөздөрдү азыркы замандын кайталангыс баалуу мурасы деп айтуу жарашат.

Адамдар өткөн кылымдарда эле эң бир кооз жайларды курушкан. Алардын бирден-бир үлгүсү катары Өзгөн архитектуралык-эстелик курамын көрсөтүүгө болот.

Бул архитектуралык курам: түбү чарчы формада болуп, үстү кумпалуу үч күмбөздөн жана алардан 150 метрдей түндүк-батыш тарапта жайгашкан мунарадан турат. Аталган мунаранын бийиктиги 27,4 метр, учурунда 40 метрден да бийик болгон. Ал азан чакыруу үчүн салынган, кээде кароол карай турган жай катары да кызмат кылган.

ТАШРАБАТ

Атбашы өрөөнүндө жайгашкан байыркы кербен сарай. Ал Улуу Жибек жолунун боюнда курулуп, өз убагында эл аралык мааниге ээ болгон. Анын салынышы да өз мезгилиндеги курулуштардан абдан айырмаланып турат. Жалаң табигый таштан кынапталган бул кербен сарай дайыма өзгөчө кызыгууну пайда кылып келген. Сарайдын ичи 31 бөлмөдөн туруп, анда эс алуучу, тамактануучу, унааларды байлай турган жайлар жана кеңеш курууучу чоң бөлмөсү бар. Өз убагында сарай согуштук максатта да пайдаланылгандыгын андагы эки зындан айгинелеп турат.

Рабат - кыргыз тилине которгондо: ажайып, кооз жай деген мааниде. Демек, таштан салынган кооз жай дегенди түшүндүрөт.

Ташрабаттын жалпы курулушу ошол мезгилдеги курулуш чеберлеринин устат экендигин ырастап көрсөтөт жана Теңиртоодогу байыркы гүлдөгөн көчмөн элдин маданиятынын бирден-бир үлгүсү катары сакталып калган. Анын качан салынгандыгы жөнүндө так маалымат жок. Болжолу 12-16-кылымдардын аралыгында курулган.

СУЛАЙМАН ТОО

Кутмандуу Ош жергесинде жайгашкан тоо. Байыркы замандардан бери ыйык эсептелип, адамдар сыйынып келишкен тоо. Анын аты көптөгөн легенда, уламыштарда Сулайман пайгамбардын өмүрү менен байланыштуу айтылат. Ага караганда, бир кезде Сулайман пайгамбар ушул тоодо туруп, жер жүзүндөгү жан-жаныбарларга бийлик жүргүзүп турган деп баяндалат.

Бул тоодогу укмуштуудай сүрөттөр тартылган үңкүрлөр, байыркы замандардан эле бул жер адамдардын сүйгүнчүктүү жайы болгондугун айгинелеп турат.

14-кылымда Фергана өрөөнүнүн башкаруучусу Бабур аталган тоого хужра (чакан ак там) курдурган. Кийин совет доорунда ал хужра бузулуп, азыркы күндө кайра калыбына келтирилген.

Бүгүнкү күндө да Сулайман тоо сырдуулугу жана ыйыктыгы менен Мекке сыяктуу адамдарды өзүнө тартып турат.

МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ

Ала-Тоо койнундагы керемет эстеликтердин бири. Бабабыз Манастын күмбөзү деп бүтүндөй кыргыз эли сыймыктанган жана сыйынган ыйык жайы. Анын жайгашкан жери Талас шаарынын жанында, Кеңкол суусунун боюнда.

Жоокерчилик заманда кол башчылардын, хандардын сөөгүн суук көздөн жазгыруу максатында башкага ыйгарып, 14-кылымда жашаган Кенизек Хатундун күмбөзү катары атап коюшкан чыгаар деп божомолдошот.

Манастын күмбөзү байыркы замандардан бери эле эл таазим эткен касиеттүү жай катары эсептелет. Анын жанындагы азыркы күндө ата-бабаларыбыздын өткөн доордогу тарыхын чагылдырган этнографиялык музей курулган.

Күмбөз бышкан кыштан салынып, пирамида түрүндөгү төрт бурчтуктун үстүнө орнотулган 16 кырдуу чатыры бар. Сырты оймо-чийме менен асемделип кооздолгон. "Манас" эпосунда бул күмбөздүн салынышы тууралуу укмуштуудай зор эргүү менен баяндаган бөлүм бар.

Кыргыз элинин байыркы тарыхынан кабар берип турган бул күмбөзгө азыркы урпактар да чоң урмат менен мамиле кылышат.

"Мен жана менин өлкөм"
аттуу балдар китептеринин сериясы.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЫЙЫК ЖЕРЛЕРИ

Терүүгө 08.07.2003 ж. берилди. Басууга 14.07.2003 ж. кол коюлду.
Форматы 60X84 1/16. 1,0 физикалык басма табак.
Нускасы 5000. Заказдын номери 770.

720031, ГСП, Бишкек ш., "Учкун"АК, С.Ибраимов көч., 24

"Учкун" АКсы тарыхий - этнографиялык темадагы
"Мен жана менин өлкөм" аттуу китептеринин
сериясын сунуш кылат.

Автору
Б. Акаева

Художниги
З.Мидинова

Корректору
Д.Эстебесова

Дизайнери
Е.Ерохина

Сатып алуу маселеси боюнча «Учкун» АКсынын
маркетинг кызматына кайрылыңыздар.
Телефондор: **54-32-15, 54-07-67.**

Нускасы 5 000 экз.
Форматы 60x84 1/16
Бишкек - 2003